**АБДЫРАХМАНОВ Т.,**
*И. Арабаев атындагы. КМУ*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН МЕКТЕПТЕРИН АЧЫП, ЖАЙГАШТЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

Азыркы Кыргызстанда жаңы мектептердин ачылышына муктаждык бар экендиги талашсыз нерсе. Бирок, проблеманын көбү бул маселени чечүүдөгү системалуулуктун жана рационалдуулуктун жоктугунда болуп жатат. Ушундан улам, бул маселе советсоңундагы Кыргызстанда экстенсивдик негизде каралып, маселени чечүүдө иррационалдуулук менен саясий конъюнктуралар үстөмдүк кылып келген. Башкача айтканда, жаңы мектептерди ачууда иштин сапатына эмес санына көбүрөөк көңүл бурулуп, Кыргызстанда кеңири кулач жайган “суверендүү” айылдардын пайда болуу “парадынын” шарданы менен жогорку даражалуу айрым мамлекеттик кызматкерлердин же бизнесмендердин курулай амбициясынын, кур намысынын жана популизминин айынан чакан айылдарда “суверендүү”, бирок “жармач” мектептер башаламан ачыла берген. Алардын кийинки тагдыры мамлекет менен коомду анча деле тынчсыздандырган эместей. Бирок, совет доорундагы 447 колхоз-совхоздордун ордуна азыркы Кыргызстанда 1884 айыл пайда болгонун эске алып, алардын баардыгын өз алдынча мектептер менен камсыз кылуу мүмкүн эмес экенин моюнга алуу керек. Камсыз кылган күндө дагы негизсиз жерден жана эч кандай шарты жок жайларда волюнтаристтик принцип менен эле ачыла берген мындай “жаңы” мектептер ансыз дагы кыйын абалда иштеп жаткан Кыргызстандын мектептик билим берүү системасына өзүлөрү менен кошо чиеленишкен жана оңой менен чечилбей турган маселелердин комплексин жараткан. Мындай саясаттан улам кошумча пайда болуп келген маселелерди төмөнкүдөй топторго бөлүп кароого болот.

**Биринчиден**, алар мектептик билим берүүдөгү каржылык жана материалдык кошумча көйгөйлөрдү жараткан. Анткени:

**а)** “жаны” ачылган эски мектептердин көпчүлүгү айыл жерлеринде, шарты жок жана эски жайларга жайгашып, аларды мектеп сыягына ылайыкташтыруу үчүн көп каражат сарпталган. Ушундан улам, тиешелүү уюмдар маалымдагандай, Кыргызстандын айыл жерлеринде жайгашкан мектептердин 74%и XX кылымдын 40-50- жылдарында салынып, ылайыксыз жана дээрлик керектен чыгып калган жайлар болгондуктан, ремонттук – коммуналдык чыгымдар көп талап кылынууда. Мындай аракеттерге карабастан, Кыргыз Республикасынын расмий уюмдарынын маалыматтарына караганда, дагы да болсо өлкөдөгү мектептердин 80% авариялык абалда жана алардын дээрлик баардыгы айыл жерлеринде жайгашкан;

**б)** “жаны” ачылган эски мектептерди мебель, компьютер, Интернет, окуу китептери, дидактикалык-лабораториялык материалдар, спорт комплекстери сыяктуу нерселер менен талапка ылайык камсыздоо дээрлик эле мүмкүн эместей. Алсак, 2000-жылы ноябрь айында өткөрүлгөн баштапкы билимдин сапатын текшерүү боюнча Улуттук изилдөөнүн жыйынтыгында айылдык мектептердин 28% электирлешпегени, 45% талапка ылайык жылытуу системасынын жок экендиги жана 78% талапка ылайык эмеректер менен камсыз болбогондугу белгиленген;

**в)** бул мектептерди директордон баштап, короо шыпыргычына чейинки административдик-чарба кызматкерлери менен камсыз кылуу зарылчылыгы келип чыккан. Мындай маселелер окуу процесси менен билим берүүнүн сапатын жакшыртууга кыйыр гана тиешеси болгону менен бир топ кошумча чыгымдарды жараткан. Ушуга байланыштуу, XX кылымдын башынан бери Кыргызстандын мектеп окуучуларынын жана мугалимдеринин абсолюттук саны кыскарганына карабастан, административдик – чарба кызматкерлеринин саны 4 миңден ашык кишиге көбөйүп, алардын саны айрым мектептердин жалпы эмгек жамаатынын 50-60% түзүп калган. Демек, мектептерге

чегерилген мамлекеттик каражаттардын бир топ бөлүгү мугалимдердин маянасын арбытууга эмес административдик - чарбалык кызматкерлерди каржылоого кеткен.

Айтор, “жаңы” ачылган эски мектептер советсоңу мезгилинде пайда болгон өлкө мектептеринин расмий статистикасын арбытканы менен, жогоруда белгиленген көйгөйлөрдүн айынан оңой менен чечилгис маселелерди жаратып, чала комплектелген, жармач жана булардын айынан эптеп эле өпчап билим бере ала турган окуу жайлары болуп калган.

**Экинчиден**, өзүбүздү өзүбүз алдабай, маселеге реалдуу карасак, жармач мектептерди жетиштүү сандагы окуучулар жана аларга жакшы билим бере ала турган мугалимдер менен, болгондо дагы мыкты мугалимдер менен жетиштүү өлчөмдө камсыз кылуу маселеси дээрлик эле чечүүгө мүмкүн болбогон нерсе болуп келген. Ошондуктан:

**а)** окуучулардын тагдырына кол шилтеп, көп учурда аларды эптеп тапкан чала сабат мугалимге же бир нече сабактын баарын эптеп өткөрө берген “универсал - стахановчу” мугалимге, айла кеткенде мурда эле пенсияга чыгып кеткен улгайган мугалимдерге жана сырттан окуп жаткан студенттерге тапшыра салуу адатка айланган. Мындан дагы жаманы – айрым жармач мектептердеги айрым вакансиялар менен сабактар “көмүскө” (“теневой”) иштердин себебине айланып кеткен. Бир жагынан, мунун арты менен айрым мектептерди, директор баш болгон административдик-чарбалык кызматкерлерди эптеп сактап калыш үчүн нормативге ылайык келгендей кылып мугалимдердин ваканттык орундарын көмүскөлөп, мугалимдерге болгон муктаждык расмий түрдө башкача, азайтылып берилип келген. Ошондуктан, көптөгөн сабактар өтүлбөй, өтүлсө дагы башка кесиптеги адистер, диплому жок адамдар, пенсионерлер, сырттан окуган студенттер эптеп өтүп келишкен. Мисалы, ЮНИСЕФтин колдоосу менен 2009-жылы Баткен жана Жалал-Абад областарында өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында изилденген мектептердин 77% гана мугалимдер менен толук камсыз экендиги белгилүү болгон. Ал эми жалпы республикалык расмий маалыматтар боюнча өлкө мектептеринин 95,8% мугалимдер менен толук камсыз болгон деп айтылат. ЮНИСЕФтин изилдөөлөрүнө жана эмпирикалык байкоолорго таянуу менен өлкө мектептеринин 33% мугалимдер менен толук камсыз болбогондугун белгилеп, мындай шарттагы Кыргызстандын мектептеринде сапаттуу билим берүү маселесин чечүү кыйын экендигин айтмакпыз. Салыштыруу үчүн айтсак, дүйнөнүн алдынкы өлкөлөрүндөгү мектептерде 1 же андан ашык мугалимдик вакансия болсо бул мектептер начар окуу жайы катары бааланып, ал жерде билим алууга туура келгендердин 3% гана мындай мектепте окуганга макул болот экен. Ал эми Чыгыш Европа жана КМШ өлкөлөрүндө бул көрсөткүч 7% түзөт;

**б)** дагы бир нерсе, “көмүскө” вакансиялар менен сабактар айрым учурларда кошумча акча табуунун ыкмасына айланып, “көмүскө” өтүлгөн сабактар, “көрүнчү” (“призрак”) сабактар, “кошоктолгон” сабактар, “өтүлбөй калган” сабактар сыяктуу жат нерселерди жаратууда. Жогоркудай “өлүү жандар”, алар үчүн көмүскөлөнүп келген вакансиялар жана “жел сааттардын” айынан 2001-2009 жылдарда республиканын мектеп окуучуларынын саны 85 миң балага, ал эми мектеп мугалимдеринин саны 2,4 миң кишиге кыскарганына карабастан педагогикалык ставкалардын саны 6 миңге көбөйүп кеткен.

Мектеп окуучуларынын сапаттуу билим алып, келечекте мыкты адис болушуна жолтоо болгон мындай жагдайларга карата тиешелүү мамлекеттик уюмдар, өзгөчө, жергиликтүү коомчулук менен жергиликтүү бийликтегилер кыянаттык менен кайдыгерлик кылып келишкен.

**Үчүнчүдөн,**

**а)** мектептердин башаламан жайгашышы жана толук комплектүү болбогон жармач мектептердин ыгы жок ачыла бериши Кыргызстандын окуучуларын бөлүштүрүп-жайгаштыруудагы дисбаланска алып келип, мындай абал дагы окуучулардын сапаттуу таалим-тарбия алышына жана алар менен мугалимдердин сапаттуу иштешине жолтоо болууда. Мисалы, азыркы Кыргызстандын 604 (29,1%) мектебинде 400гө жетпеген бала жана 362 (17,44%) мектебинде 200гө жетпеген бала окуса, 163 (7,85%) мектебинде 100гө

жетпеген гана бала билим алышат. Мындай абалдан улам, бул мектептердин бир тобу көптөгөн проблемаларды жаратып, өпчап билим берген чала комплектешкен мектептерден болуп кала берүүдө. Белгилеп кете турган нерсе, мектептер сапаттуу курамдагы мугалимдер жана жетишээрлик сандагы материалдык каражаттар менен камсыз болуп, окуучуларга сапаттуу билим бериши үчүн ар бир мектепте 500-550 окуучу окуганы ылайыктуу. Ушундай шартта гана ар бир мектепти баардык окуу предметтери боюнча тиешелүү билими бар, квалификациясы жогору адис-мугалимдер менен камсыз кылып, ал мектептерге талаптагыдай материалдык шарт түзүп берүүгө болот.

Ошол эле учурда, мектептерди башаламан ачып-жайгаштыруу маселелери айрым мектептерде, тескерисинче, окуучулардын санынын нормативдик өлчөмдөн ашып кетүүсүнө алып келип, бул көрүнүш дагы билим сапатына терс таасирин тийгизип жатканын көрүүгө болот. Мисалы, Бишкек шаарынын мектептеринде орточо эсеп менен 1298 бала окуса, Токмок шаарында – 892, Каракол шаарында – 977, Нарын шаарында - 886, Жалал - Абад шаарында 829 бала эки-үч смен менен, 40-50 окуучудан турган класстарда окуп, татыктуу билим ала алышпай жатышат. Ушундан улам, Бишкектин мектептеринде долбоор боюнча 73 миң 587 окуучу билим алыш керек болсо, иш жүзүндө 111 миң 534 бала окуп, нормативдик өлчөмдөн 38 миңден ашык окуучуга көптүк кылат. Мындай шарт мугалимдердин ишин оорлотуп, билим берүү процессинин натыйжалуулугун төмөндөтүү менен окучуларга татыктуу билим берүүгө кедерги болгон;

**б)** мектептерди ачып, жайгаштыруудагы башаламандыктан улам, өлкөнүн мугалимдеринин педагогикалык потенциалын пайдалануу эффективдүү болбой жатат. Бул жагдайда дагы оркойгон дисбаланс жаралып, орто эсеп менен Кыргызстандын ар бир мектебинде 35 мугалим эмгектенсе, өлкөнүн 32 мектебинде 10гө жетпеген, 370 мектебинде 20га жетпеген мугалим иштейт жана тескерисинче 393 мектепте 50дөн ашык мугалим бар болсо 30га жакын мектепте 100дөн ашык мугалим иштейт. Республика боюнча орточо эсеп менен 1 мугалимге 13 окуучу туура келсе, өлкөнүн 9 районунун мектептеринде орточо эсеп менен бир мугалимге 7-9 гана окуучу туура келет.

Субъективизмге негизделген ар кандай волюнтаристтик кадамдардан улам жаралган мындай диспропорциялар ар кандай негативдүү нерселерди жаратып, билим беруунун сапатына залалына тийгизүүдө. Мисалы, 10го жана 20га жетпеген мугалим иштеген мектептерде баардык сабактар боюнча тиешелүү билими бар мугалимдер иштеп, окуучуларга сапаттуу билим бере турганы күмөндүү. Ошол эле учурда, 50 жана 100дөн ашык мугалимдер иштеген мектептерде мугалимдердин үзүрлүү эмгектенүүсүн уюштуруп, сапаттуу билим берүүсүнө жетишүү дагы кыйын маселе;

**в)** мектептерди башаламан ачып жайгаштыруудан улам келип чыккан экстенсивдик-сандык факторлор бир топ жагдайлар боюнча билим берүүнүн сапатына терс таасир этип, Кыргызстандын мектептеринин 82,8% түзгөн айыл мектептери менен ал жерлерде билим алып жаткан окуучулардын билим денгээлин өзгөчө жана кескин начарлатып жиберген. Белгилүү болгондой, шаардын жаңы конуштарындагы айрым жаңы мектептерди жана “Себаттын” лицейлерин эске албаганда, “жаңы” ачылып, бирок эскилиги жеткен жармач мектептердин дээрлик баардыгы айыл жерлеринде орун алып, алардын кедергиси айылдыктарга тиймекчи. Мындай көрүнүш келечекте кыргыз коомчулугундагы социалдык тенсиздикти жаратып, сапаттуу билим алуу аркалуу коомдогу татыктуу орунду ээлөө маселесиндеги социалдык дискриминациялык жагдайларга негиз болушу мүмкүн. Мисалы, айыл жерлеринде эптеп ачып коюп, информатика, физика, химия, чет тилдери сыяктуу сабактар өтүлбөй келе жаткан жармач мектептерден билим алган айылдык окуучуулар менен жакшы шарттагы шаардык мектептерде билим алган окуучулардын билим деңгээли абдан айрымаланып, буга жараша алардын болочок потенциалы аныкталуу менен алардын келечектеги коомдогу орду алдынала чечилип калууда. Мындай абалдын бир көрүнүшү катары Кыргызстандын мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн келечек тагдырын чечип, алардын жогорку билим алууга болгон мүмкүнчүлүгү менен укугун монополиялык шартта чечип келген ЖРТнын тестирлөөсүн айтууга болот.

Анткени, мамлекет тиешелүү шарт түзүп, талаптагыдай мугалимдер менен камсыз кылуу менен сапаттуу билим бере албаган жармач айыл мектептеринин бүтүрүүчүлөрү жана шаар мектептеринин бүтүрүүчүлөрү ЖРТны бирдей эле шартта тапшырып, ошого жараша иргелип, алардын келечеги чечилип келүүдө.

**Натыйжада,** советсоңундагы Кыргызстандагы мектептерди ачып, жайгаштырууда рационалдуулуктун жана план ченемдүүлүктүн жоктугунан мектептерди каржылоого бөлүнгөн мамлекеттик каражаттар рационалдуу пайдаланылбай, алардын майнаптуулугу төмөндөп кеткендигин белгилөөгө болот. Ушундан улам, Кыргызстандын билим берүү системасына өлкөнүн ички дүң продукциясынын (ИЧП) % же мамлекеттин бюджетинин 20% бөлүнүп, анын 68% жалпы орто билим берүүгө чегерилип, билим берүүнү каржылоо деңгээли боюнча Кыргызстан дүйнө мамлекеттеринин алдында болсо дагы, каржы тартыштыгы курч бойдон калууда. Демек, негизги маселелердин бири - мектептерге каражаттын көп же аз бөлүнгөнүндө эле эмес, аны рационалдуу пайдаланууда дагы экендиги чындык.

Мындай шартты жана рыноктук экономиканын талаптарын эске алуу менен мамлекеттик бюджеттен мектептерди каржылоо үчүн бөлүнгөн каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында мектептерди аларда окуган окуучулардын санына карап, жан башына жараша каржылоону толук аягына чыгаруу туура болчудай. Маселенин мындай так жана толук чечилбегенинен улам, жана Кыргызстанда окуучулар менен мугалимдердин санынын кыскарып жатканына карабастан мектептердин жана ал жерлердеги административдик-чарба кызматкерлеринин саны көбөйүп, аз сандуу класстар арбып, мамлекеттик бюджеттин каражатын пайдаланууда майнапсыз ысырапкорчулук болууда. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматына караганда, 2012-2013-окуу жылында республика боюнча нормативден ашык 110 класс-комплект түзүлүп, мугалимдердин эмгек маянасы менен социалдык фонддун төлөмдөрүнө эле мамлекеттик бюджеттен 31,6 миллион сом ашыкча коротулган. Ушундай, жана ушуга окшогон башка иррационалдык көрүнүштөрдөн улам, Кыргыз Республикасынын эсептөө палатасынын маалыматы боюнча, 2010-2012- жж. аралыгында мектептик билим берүүнү каржылоого жумшалган мамлекеттик каражаттардын көлөмү 2 эсеге өсүп, алар 12,2 млрд. сомду түзгөнү менен, анын 78,3% эмгек акы чыгымдарын каржылоого жумшалып, 13,47% социалдык фондго бөлүнгөн. Мамлекет каржылаган каражаттардын калган аз гана бөлүгү (8,5%) мектептердин коммуналдык чыгымдарын каржылоого жана майда-барат иштерди жүргүзүүгө жумшалган. Башкача айтканда, мамлекет тарабынан мектептердин муктаждыгынын 3 гана статьясы каржыланып келген. Ал эми Бишкек шаарынын №17 мектебинин директору Н. Щербакова белгилегендей, совет мезгилинде мектептер 17 статья боюнча каржыланып турган.

Ошентип, мектептик билим берүүнүн материалдык базасын чыңдоого, сапаттуу окуу китептери жана окуу-усулдук каражаттар менен камсыздоого, билим берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн чейрек кылым бою дээрлик эле каражат бөлүнбөй келген.

Натыйжада, постсоветтик чейрек кылым аралыгында республиканын билим берүү системасынын бир дагы сегменти үчүн бир дагы окуу китебин сатып же басмадан чыгарып, бир дагы компьютер алып бербеген өкмөт мектептик билим берүү үчүн мамлекеттин жана донорлордун миллиондогон каражаттарына окуу китептерин чыгарып, компьютерлер менен камсыздап жатса дагы сапаттуу орто билим берүү үчүн мектептердин материалдык абалы абдан чабалдык кылууда. Мындай абал орто билим берүүнүн сапатынын төмөндөп кетишин шарттаган негизги факторлордун бирине айланган. Мисалы, акыркы маалыматтар боюнча, Кыргызстандын мектеп окуучуларын окуу китептери менен камсыз кылуу 65% гана болгон. Анын үстүнө, колдонулуп жаткан окуу китептердин 60% сапаты боюнча дагы талапка жооп бербейт, моралдык жана материалдык жактан эскирген. Ал эми Бүткүл дүйнөлүк банктын жана башка эл аралык уюмдардын айтымында, республиканын мектеп окуучуларынын 39-40% гана окуу

китептери менен камсыз болушкан. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматтары боюнча, 10 окуучуга 1 окуу китеби туура келген мектептер дагы арбын. Жалпысынан, министрликтин расмий билдирүүлөрүнө караганда, азыркы учурда өлкөнүн мектептерине 11 миллиондон ашык окуу китептери жетишпейт. Бул көйгөйдү чечиш үчүн жылына 600 миллион сом талап кылынат.

Заманбап компьютерлер менен камсыздоо дагы жалпысынан өтө төмөнкү деңгээлде. Моралдык жактан эскирген жана иштебеген компьютерлерди эске албаганда, Кыргызстандын 78 окуучусуна 1 компьютер туура келип, республиканын 297 мектебинде бир дагы компьютер жок болсо, 207 мектепте үчтөн гана компьютер бар экени белгилүү. Атайын эксперт К. Барыктабасовдун маалыматы боюнча Кыргызстандын мектептеринин 10% гана Интернетке туташкан. Тилеккке каршы, 2011-жылы сентябрда улуттук мобилдик оператор “Mega Com” баштаган “Mega-билим” долбоору кыска мөөнөттө республиканын мектептеринин 7%ин компьютердик класстар менен камсыздоого үлгүргөнү менен акыркы кездерде ар кандай себептерден улам бул багыттагы анын иши солгундап, токтоп калды.

Кыргызстандын мектептерин компьютерлештирүүнүн темпи менен абалын жакшыраак баалаш үчүн дүйнөлүк тенденцияларга көңүл буруп, төмөнкүлөрдү белгилеп коюш абзел. Мектептик билим берүү тармактары дүйнөдөгү эң алдынкы орундарда турган Түштүк Корея, Сингапур, Тайвань сыяктуу өлкөлөрдүн ар бир окуучусуна 1 компьютер туура келип, алардын баардыгы тең интернетке туташкан. Канада, Финляндия сыяктуу өлкөлөрдүн ар бир окуучусунун мультимедиялык “портфелдери” бар. Орто эсеп менен алганда, Азиялык өлкөлөрдүн 2 окуучусуна 1 компьютер туура келсе, Евробиримдиктин өлкөлөрүндө 13 окуучуга 1 компьютер туура келет экен. Айтор, дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүндө калыптанып калган инновациялык “Санариптик педагогика”, Интернет-олимпиадалар өзүнүн жакшы үзүрүн берип, компьютер эмес китепке толук жете албай жаткан Кыргызстан сыяктуу өлкөлөргө караганда бир топ сапаттуу орто билим берүүгө жетишип жатышат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлү У. Абдуллаеванын анализи боюнча Кыргызстандын мектептерине компьютер эле эмес 102 миң парта, 12,0 миң китеп шкафы, 20,0 миң мугалим үчүн стол, 12,2 миң класстык доска жетишпей, булар менен республиканын мектептерин камсыз кылуу үчүн 605,0 млн. сом талап кылынса, компьютерлик жана башка оргтехниканын түрлөрү менен республиканын мектептерин толук жабдуу үчүн 278,8 млн. сом керек экен.

Айтор, Кыргызстанда мыкты, төп келиштирилген жана рационалдуу негиздеги мектептик системаны түзүп, ал мектептердин материалдык базасын өз учурунда жана талаптагыдай чыңдоо менен ал жерлерде сапаттуу билим бере турган шартты түзүү жаатында бир топ олуттуу проблемалар бар.